**С.С.Усубалиев атындагы жалпы орто билим берүүчү мектеби**

**2021-2022-окуу жылы**

**Жугуштуу ооруларды алдын алуу боюнча аткарылган иштери боюнча маалымат**

Жыл ичи медайым, Мусабаева Г.Ш. окуучуларга медициналык кароо жана эмдөө жүргүзөт. Оору аныкталган окуучулардын ден-соолуктарына медициналык жардам көрсөтүлүп турат.

Окуучуларга "Жеке гигиена" "Тамеки чегүү-зыян", "Коронавирустан сак бол", "Сарык оорусу", "ГРИПП", "Таза колдор", "Кургак учук" темасында класстык сааттар өтүлүп, түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. 1-декабрь Бүткүл дүйнөлүк СПИД күнүнө карата жалпы мектеп окуучуларына "СПИД" деген темада доклад окулду. Мектеп ичинде атайын дубал газета чыгарылды.

24-март "Бүткүл дүйнөлүк туберкулезго каршы күрөшүү" күнүндө Москва билим берүү бөлүмү даярдаган иш чарага 10-класстын окуучусу Нурбекова Сезим жана уюштуруучу Рысбек к Гүлбарчын катышып келишти. Мектеп ичиндеги линейкада Нурбекова Сезим туберкулез боюнча доклад окуду. Мындан тышкары, ар бир класс "Биз туберкулезго каршыбыз" деген темада дубал газеталарды чыгарышты.

Ал эми, азыркы күндүн негизги көйгөйлөрү болгон "Ковид 19" оорусун алдын алуу боюнча иштер күн сайын жүргүзүлүп жатты. Мектеп ичинде атайын нөөмөтчүлөр белгиленип, мектепке келген окуучулардын дене табын өлчөп, окуучунун кирүү фильтринен өтүүсүн жана колун антисептик менен тазалоосун камсыз кылышат. Ар бир класстын дене табын өлчөө журналы бекитилип, уюштурулган. Класстарда парта, стулдар алгоритмдин негизинде коюлган, класстар танапис сайын желдетилип турат. Класс жетекчилер окуучуларга санитардык-гигиеналык эрежелерди түшүндүрүп, "Ковид 19" ду алдын алуу жөнүндө тарбиялык сааттарды өтүшүп, түшүндүрүү иштерин жүргүзүп турушат.

Уюштуруучу: Рысбек к Г.